**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**
**АЙДАРКЕН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙДАРКЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**Айдаркен шаардык кеңешинин 5-чакырылышынын кезексиз 12-сессиясынын**
**№21 ТОКТОМУ**

*12-сентябрь 2025-жыл* *Айдаркен шаары*

**Айдаркен шаардык мэриясынын 2025-жылдын 11-сентябрындагы №01-07/82 сандуу катына негиз макулдук берүү жөнүндө**

Айдаркен шаардык кеңеши,“Хайдаркан сымап акционердик коому” ААК менен ОсОО “ИнТерраПро” ишканасынын ортосунда түзүлгөн келишимине ылайык, кендерди иштетүүдө иштелип чыккан отвалдарды жаңы технологиялар менен кайра иштетип заводдун курулуусуна жана 20,0 га кем эмес жер аянтын ажыратып берүү жагы кезексиз 12-сессиясында каралып жана талкууланып, №12-протоколуна негиз

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. “Хайдаркан сымап акционердик коому” ААК менен ОсОО “ИнТерраПро” ишканасынын ортосунда түзүлгөн келишимине ылайык, кендерди иштетүүдө иштелип чыккан отвалдарды жаңы технологиялар менен кайра иштетүү менен бирге завод куруулуусуна Айдаркен шаарынын аймагынан 20,0 га кем эмес жер аянтын ажыратып берүүгө мыйзам чегинде макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы шаардык мэрияга жүктөлсүн.

3. Токтомду каттоодон өткөрүү жагы областык Юстиция башкармалыгынан суралсын.

**Төрага** **А.А. Алтымышова**